# ТИЛЕКЕ БААТЫР - КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЧЫГААН УУЛУ

**Ар бир эл жана мамлекет реалдуу, ар тараптуу саясий, аскердик, социалдык-экономикалык тарыхый жана маданий окуяларга бай болот. Ошол эле кезде ар бир элдин тигил же бул доорунда өзүнө тиешелүү болгон, өздөрүнүн омоктуу ойлору, жүйөлүү пикирлери, натыйжалуу иштери менен өз элинин, мамлекетинин тагдырын, бүтүндүгүн жана келечегин ойлогон чыгаан инсандары болот. Мындай инсандардын катарын байыркы бабабыз Барсбег, андан кийинки Мухаммед Кыргыз, Кубат-бий, Ажы-бий, Атаке-бий, Алымбек-датка, Нүзүп-бий, Мусулманкул-аталык, Ормон-хан, Боромбай, Алымкул-аталык, Курманжан-датка, Полот-хан (Исхак молдо Асан уулу), Абдылдабек ж.б. кирет.**

Дал ошолордун катарында кадимки Алай жеринин кулуну, байыркы жана түптүү баргы уруусунун кашкөй мыктысы Тилеке бий да бар. Ал түпкү аталарынан бери эл үчүн кам көрүп, өз калкынын, журтунун ат көтөргүс жүгүн көтөрүп, кыргыз элинин эркиндиги, биримдиги, боштондугу үчүн тынымсыз күрөшүп, эли журтунун көптөгөн социалдык-экономикалык, соода карым-катнаштарын, маданий байланыштарын чечкен тектүү жердин баласы. Эл оозунан чогулган санжырага, тарыхый маалыматтарга таянсак Тилеке бий кадимки Адигиненин тукуму.

Адигине >>> Баргы >>> Сатыке >>> Мырзаке >>> Бөкөй >>> Байбөөчөн >>> Тилеке >>> Ажыбек >>> Шамурза >>> Асан >>> Алымбек >>> Акылбек (биринчи аялдан) Абдылдабек, Асанбек, Маамытбек, Баатырбек, Камчыбек (экинчи аялдан). Демек тарыхый жылнаама боюнча Тилеке баатыр XVII к. экинчи жарымы XVIII к. биринчи жарымында жашаган (туулган, өлгөн жылдары жөнүндө так маалымат жок) беделдүү инсан.

Ошол кезде кыргыз элинин тарыхый, геосаясий абалы оор болуп турган. Анткени кыргыздардын өз улуттук мамлекети али түзүлө элек, бирок Мухаммед Кыргыздын улуттук биримдикке умтулуп, кыргыз элин бирдиктүү күчтүү союзга айландырып, алар менен коңшулаш мамлекеттерди эсептешүүгө мажбур кылган мезгилден кийинки абал болгон. Кыргыз эли өз көз карандысыздыгы, эркиндиги үчүн тынымсыз күрөштү улантып жаткан. Экинчи жагынан, кыргыз элин, анын геостратегиялык маанидеги ыңгайлуу ээлеген аймагына бир катар жакынкы жана ыраакы коңшулаш мамлекеттер көз артып, ыңгайлуу учур болсо эле басып алууга умтулуп турган кез болгон. Кыргыздарга бир жагынан өздөрү курамына кирген Моголистан мамлекети, экинчи жагынан жаңыдан баш көтөрүп келе жаткан Шейбаниддер, Аштраханиддер, үчүнчү жагынан - Жунгар хандыгы, төртүнчү жагынан Казах султанаттары, ал эми XVIII к. баштап Кокон хандыгы, Чыгыш Түркстан аркылуу Цин империясы, ошол учурдагы күчтүү империялар Улуу Британия жана Россия көз арта баштаган. Мына ушундай шартта, тышкы согуштук экспансиядан коргонуу зарылчылыгы, айрыкча ойрот-калмактардын басып алуу коркунучу кыргыз элине мамлекеттик биримдикти түзүүгө, же ошого тете күчтүү уруулар биримдигин дагы бекемдөөгө тышкы жана ички өбөлгөлөр пайда болгон.

Дал ушундай татаал жана каатал мезгилде тарыхый-саясий аренага чыккан баргы уруусунун мыктысы, атактуу баатыр Тилеке бий өз ишмердүүлүгү менен эл эсинде калган. Жаштайынан зирек, атасы аркылуу эрте эл аралап, ар нерсеге көзү жетип тирик өсүп, баралына жеткенде эл керегине жараган, элинин, Мекенинин жүгүн көтөрө билген, олуттуу маселелерди чечүүдө омоктуу ойлору, жүйөлүү пикирлери, демилгелүү жана натыйжалуу иштери, өзгөчө мекенчилдиги, өз элинин эркиндиги үчүн тайманбас күрөш жүргүзгөн баатыр таризинде элге таанылып, журт башы аталган баргы уруусунун чыгаан уулу Тилеке Байбөөчөн уулу болгону тарыхый факт.

Айтылуу Тилеке бий XVII к. экинчи жарымында - XVIII кылымдын башында кыргыз элинин геосаясий тарыхында өзгөчө из калтырган чыгаан инсандардын бири. Ал ошол кыйын-кезең жылдарда Алай, Ош, Өзгөн чөлкөмдөрүндө эле эмес, бир жагынан кенен Фергана өрөөнү, экинчи жагынан Чыгыш Түркстан, үчүнчү жагынан Аштраханиддер жана Бухара эмираты, кийинчерээк Кокон хандыгы менен тыгыз карым-катнашта болгон эл башчысы, кыргыз элинин абройлуу туткасы болгон исандардан.

Тилеке бий жөн эле кадырлуу уруу башчысы эмес, эл тагдырын чечүүгө белсенип киришкен, Фергана өрөөнүндөгү саясий окуяларга активдүү катышып, кыргыз элинин аброюн көтөрүп, кызыкчылыгын коргогон инсан. Ал биринчи иретте эл биримдиги, бүтүндүгү үчүн күрөшүп, кыргыздын өз алдынча мамлекеттүүлүгүн түзүүгө умтулган, өз аймагындагы элдердин ынтымагын, ар түрдүү этникалык, этносаясий жамааттардын биримдигин чыңдоого, аны сактоого жана коргоого умтулган чыгаан мамлекеттик ишмер. Ошол эле кезде алардын башын бириктирип, бир туунун алдына топтоп тышкы душмандарга, ар түрдүү баскынчыларга, айрыкча жунгар хандарынын кандуу баскынчылык жүрүштөрүнө каршы дайыма бирге күрөштү уюштуруп турган.

Тарыхта маалым болгондой XVIII кылымдын экинчи жарымында - XVIII кылымдын башында Фергана өрөөнүндө этносаясий абал татаал болуп, бир жагынан туруксуз Шейбаниддер, Аштраханиддер мамлекети, экинчи жагынан күч алып келе жаткан Жунгар хандыгы жергиликтүү элге үстөмдүк кылууга, басып алууга умтулуп турган. Ошол кездерде көчмөндөр, дыйкандар жана кол өнөрчүлөр арасында туруктуу социалдык-экономикалык тең салмактуулук, саясий биримдик күчөгөн. Натыйжада тоолук кыргыздар менен өрөөн калкы тышкы баскынчыларга, душмандарга каршы көптөгөн коргонууларды, бирдиктүү жана туруктуу күрөштү уюштурушуп, өз элинин, жеринин, Ата-Мекенинин эркиндигин, көз карандысыздыгын сактоого бирдиктүү аракет кылып, керектүү учурларда сырткы душмандардан коргонуп, мезгили келгенде алардын аймагына жеңиштүү жүрүштөрдү жасап турган.

(Уландысы 10-бетте)

# Тилеке баатырдын сөөгүн жашыруу зыйнатынан фото-баян

## (Алай району, 2010-жылдын 23-апрели)



Тилеке баатыр атама,
Тикелеп күмбөз курабыз!
Тирилип келген сыяктуу,
Тигилип карап турабыз!





# ТИЛЕКЕ БААТЫР - КЫРГЫЗ ЭЛИНИН ЧЫГААН УУЛУ

(Башы 6-бетте)

**Ошондой тышкы баскынчылардын бири 1635-жылы түзүлүп тарыхта ойроттор, калмактар аты менен белгилүү болгон Жунгар хандыгынын баскынчылык жүрүштөрү. Маалыматтарга карасак Жунгар хандыгы кыргыздарга каршы алгачкы жүрүштөрдү 1637-ж., 1643-ж., 1652-53-ж.ж. уюштурса, андан кийинки баскынчылык жортуулдары Батур хутайжинин (1635-1660-жж.), Галдан Бошокту хандын (1671-1697-ж.ж.), Цеван Рабдан (1697-1727-ж.ж.), Галдан Церен (1727-1745-ж.ж.), Лама Дорженди́н (1749-1753-ж.ж.) мезгилине туура келет. Кыргыздар менен калмактар ортосундагы катуу салгылашуулар 1723-27-ж.ж., 1747-48-49-ж.ж. болгону маалым. Аталган хандар Орто Азия элдерине, анын ичинде кыргыздарга каршы баскынчылык жортуулдары менен белгилүү болгон. Дал ошол баскынчылар кыргыз элинин башка аймактары менен катар эле Алай, Өзгөн, Ош жергесин басып алууга аракет кылышкан. Бирок, Тилеке баатыр, Маматкул бий, Тынай бий, Бердике баатыр сыяктуу кыргыз элинин чыгаан уулда-**

ришкен. Булардын баары иштиктүү натыйжаларды берип, калктын экономикалык абалынын жалпы жогорулашына өбөлгө түзүп, кыргыз элинин, Ош, Алай, Өзгөн, Кара-Кулжа өрөөндөрүнүн, деги эле Түштүк Кыргызстандын ар тараптан өсүп-өнүгүшүнө ыңгайлуу шарттарды түзгөн.

Дагы бир чоң салымы байыртадан сакталып келген Кыргызстандын аймагынан, анын ичинде Алай, Ош, Өзгөн аркылуу өткөн Улуу Жибек жолунун социалдык-экономикалык, саясий маанисин туура түшүнүп, аны сактоого жана өнүктүрүүгө, ар түрдүү каракчылардан, ууру, талоончулардан коргоого далай аракет жасаган. Буга кошумча Улуу Жибек жолун бойлото базарларды, кербен сарайларды, ашкана, чайканаларды, мечит, медреселерди курдуруп элге кеңири кызмат кылууга өбөлгө түзгөн.

Биздин пикирде Тилеке бий XVIII кылымдын башында жашаган Кожонт (Ходжент - авт.) вилайетинин башчысы, өкүмдары Ак бото бий менен да тыгыз саясий-согуштук, социалдык-экономикалык байланышта болгон. Ал аркылуу бир жагынан Кокон ээлиги, Бухара эмираты менен байланышта болсо, экинчи жагынан кадимки Улуу Жибек жолунун бир бутагы өзүнүн Алай өрөөнү аркылуу өткөн ар түрдүү соодагерлер, саякатчылар, тыңчылар аркылуу Чыгыш Түркес-

Тегин жерден анын уулу Ажы бийдин ордосуна 1759-ж. сентябрь айында Кытай императорунун элчиси Доктан келип Ажы бийге Кытай империясы менен саясий-дипломатиялык, соода-экономикалык келишим түзүү үчүн чакырык сунушун тапшырган. Жооп иретинде Ажы бий өз элчиси Сары Күчүктү Кашкардагы Кытай империясынын башкаруучусу Чжао Хойго жиберип, натыйжада эки жактуу дипломатиялык, соода-экономикалык мамиле түзүлгөн. Кытай булактары маалымдагандай 1761-жылдын 10 сентябрында Кытай императорунун өлкөнүн батыш жагында жайгашкан 31 мусулман шаарларынын өкүмдарларына ал жерлерди башкарууга укук берген атайын указы, мөөрлөрү жана тиешелүү белгилерин тараткан. Алардын бири Ош шаарынын акими Тилеке баатырдан уулу кадимки Ажы бий болгон. Демек, жогорудагыдай жөрөлгөнүн башатында Тилеке баатыр турган дегенге толук негиз бар.

Тилеке батыр Байбөөчөн уулу өзү да эл керегине жараган, жумурай-журтка аттын кашкасындай белгилүү болгон, жергесине, Ата Мекенине берилип кызмат өтөгөн айтылуу сегиз бекти тарбиялаган инсан. Тегин жерден эл арасында азыркыга чейин: "Тилекенин сегиз бек, телегейи тегиз бек, эң кенжеси Ажыбек" - деп айтылып жүрбөйт.

## Жыйынтыктоо иретинде төмөнкүлөрдү айтууга болот

- жаштайынан эл үчүн кам көрүп, кыргыз журтунун ат көтөргүс жүгүн көтөрүп, элдин биримдиги, эркиндиги, боштондугу үчүн тынымсыз күрөшкөн чыгаан мамлекеттик деңгээлдеги ишмер;

- кыргыз элинин, журтунун олуттуу саясий, согуштук жана социалдык-экономикалык маселелерин жүйөлүү чечип, натыйжалуу иштери менен өз Ата-Журтуна кызмат кылган;

- Тилеке баатыр кыргыз элин аруу тилекке, жакшы үмүткө умтулууга, учук улап, түптүү өлкө жаратууга, баардык урууларды, башка элдерди бириктирип ынтымачылыкта башкаларга үлгү болууга, бөлүнбөөгө, ар дайым Ата Мекен кызыкчылыгын, элдин, жердин бүтүндүгүн сактоого чакырган;

- көп тилде сүйлөгөн Ош, Өзгөн, Фергана, Ходжент чөлкөмүнүн элдеринин, көптөгөн этникалык топтордун ынтымакырашкерлигин, достугун, биримдигин чыңдоого өбөлгө түзгөн;

- кыргыздардын жана Фергана өрөөнүнүн элдеринин жашоо тиричилигин, кызматташтыгын бекемдөө максатында улуу Жибек Жолунун саясий, социалдык-экономикалык абалын сактап, коргоп, анын маанисин туура түшүнүп соода-сатыкты, ич ара мамилени күчөткөн;

- мына бүгүн дагы бир жолу Тилеке баатыр Байбөөчөн уулу белгилүү себептерден улам Кеңеш доорунда унутта калып, эгемендүүлүк жылдары кайрадан эл оозуна кирип, "унутта" калган чыгаан инсандардын катарында тарыхтагы орду такталып олтурат.




**кыргыз элинин чыгаан уулдары, белгилүү баатырлары кыргыз элинин эркиндигин, көз каранды эместигин алгач калмак - жунгарлардан, кийин казах султанаттарынан сактап калган.**

Чарбалык-экономикалык турмушта да тең салмактуулукту сактап, ар бир элдин жөндөмүнө, аракетине жараша шарт түзүп, анын натыйжасында элдин жашоо тиричилигин жакшыртууга, көчмөн мал чарбасын, отурукташкан дыйканчылыкты, соода-сатыкты, экономикалык жана маданий байланышты өнүктүрүүгө белсенип ки-

тыңчылар аркылуу Чыгыш Түркестан - Кашкар, Турфан, Үрүмчү сыяктуу Кытайдын Цин империясы менен да карым-катнаш түзүүгө жетише алган. Дал ошол Улуу Жибек жолунда чыгыштан батышка, түндүктөн түштүккө тынымсыз жүргөн кербендер, саякатчылар, тыңчылар, дервиштер аркылуу Тилеке баатыр тыягы Чыгыш Түркестан, Кытай, быягы Фергана, Кокон, Бухара, үчүнчү жагы казах султанаттарындагы орчундуу окуялар, олуттуу жаңылыктар менен кабардар болуп турган десек болот. Дипломатиялык карым-катнаш түзүү дарамети андан балдарына, неберелерине өтөнү маалым.

Ажыбек" - деп айтылып жүрбөйт.

Ошол биз сөз кылып жаткан Тилекенин балдары, неберелери жана чөбүрөлөрү кадимки Ажы бий, Шамурза, Асан, Алымбек, Абдылдабек ж.б. XVIII-XIX кк. кыргыз элинин атынан, алардын саясий, социалдык-экономикалык кызыкчылыгын коргоп, Кокон хандыгынын, андан кийинки Орус Түркстанынын ичиндеги орчундуу окуяларга жигердүү катышкан. Дал ошол Тилекенин кыбырасы чыгаан мамлекеттик ишмер Алымбек датканын 210 жылдыгын, аялы Курманжан датканын 200 жылдык маарекесин быйыл белгилөөдөбүз.



**Б.АБЫТОВ, тарых илимдеринин доктору, профессор, ОшМЮИнун проректору**

# Тилеке баатырдын сөөгүн жашыруу зыйнатынан фото-баян

## (Алай району, 2010-жылдын 23-апрели)







# ТИЛЕКЕ БИЙ ЖАНА АНЫН ДООРУ

**Ар бир доордо тарыхтын кыйчалыш мезгилдеринде өмүрүн бычак мизине коюп, эл эркиндиги үчүн күрөшүп, тар жол тайгак кечүүлөрдөн эли журтун сактап, эл эсинде сакталып калган инсандар аз эмес экендиги баарыбызга маалым. Ошондой инсандардын бири XVII кылымда жашаган Тилеке баатыр болуп саналат.**

Тилеке бий жашаган доорду, анын коомдук - саясий ишмердигин жана саясий бейнесин иликтеп - изилдөөнү орто кылымдын ортосунда 1348-ж. пайда болгон Могулстан мамлекетинин тарыхы менен тыгыз байланышта кароого тийишпиз. Анткени кайсы гана доор болбосун, коом менен адам турмушу диалектикалык тутумдаш. Ар бир доор өз тарыхый инсанын, саясий ишмерлерин, өз баатырларын жаратат. Ансыз мүмкүн эмес, анткени элдин тарыхый тагдыры саясий элиталардын, мамлекеттик жана коомдук ишмерлердин иш-аракеттерине, алардын жеке адамдык сапаттарынын деңгээлине, адеп - ахлагына байланыша тургандыгы баарыбызга маалым.

Тилеке бийдин саясий ишмердиги Могулстан мамлекетинин социалдык жана саясий тарыхы менен тыгыз айкалышкан, анын аң - сезимдүү өмүрү хандыктагы ар кандай кандуу кагылыштар, так талашуулар, бийлик үчүн болгон тынымсыз күрөштөрдүн айланасында өтүп, өзү хандыктагы орошон окуялардын катышуучусу болуу менен, бир топ көрүнүктүү таасирге ээ болгон. жайытка айландырууга ынтызар болушкан.

Экинчи тарап тескерисинче, отурукташкан элди талап - тоноо жакшы киреше алып келбейт деп эсептешкен. Ошондуктан алар борборлошкон хандык бийликти курууга умтулушкан, себеби ал айыл чарбанын, кол өнөрчүлүктүн, соодандын, шаарлардын өсүшүнө өбөлгө болмок, алар маданий жайларды талап - тонооно, элге ашыкча салыктарды салууга каршы болушкан. Асыресе, пайда болгон эки карама - каршы багыт, улустардын ортосунда так белгиленген чек аранын жоктугу ар кандай талаштарга, чек ара чатактарына, согуштарга алып келген, натыйжада бул келишпестик көз карандысыз эки мамлекетке бөлүнүүгө түрткү болгон жана Чагатайдын чыгыш улусунда Могулстан деп аталган мамлекеттик биримдик пайда болду. Мамлекеттин саясий турмушунда монголдордун - дуглаттар, кангылар, бааріндер, барластар ж.б. уруулары көрүнүктүү рол ойношкон. Алар түрк тилинде сүйлөшүп, түрк салттарын кабыл алышкан эле. Дуглаттардын эмири Пуладчи Чыңгызхандын тукумунан болбогондуктан хандын тактысына отурууга батынган эмес, ошон үчүн ал 1348-ж. Аксуда чагатаид Тоглук Темирди такка отургузуу менен Могулстан мамлекетин негиздеген.

Тарыхый булактарда Могулстан мамлекети жөнүндө мындайча маалымат берилет - "Могулстан Орто-Азиянын чыгыш бөлүгүн, Жети-Сууну, Чыгыш Түркстанды жана Жунгарияны ээлеген орто кылымдардагы мамлекет. XIV кылымдын ортосунда Чыңгызхандын урпактарынын бири Тоглук Темир негиздеген жана 1348-1363-таид Султан-Саид тарабынан Кашкарда негизделген" деген пикирине Ө. Караев кошулбайт. Анткени Чыгыш Түркстан анын ичинде Кашкар да могул хандарына тиешелүү ээликтерге баш ийген. Асыресе алардын элдери этникалык, саясий жана экономикалык жактан бири - бири менен тыгыз байланышта болушкан. Мисалы, кыргыздар жана казактар Могулистандын да, Чыгыш Түркстандын да территориясында жашашкан. Ошол эле учурда алар Тянь-Шандын түндүк - түштүгүнө көчүп-конуп жүрүшкөн. Бир сөз менен айтканда Могулдардын тарыхы Могулстандын тарыхынын уландысы болуп саналат. Султан Саид хан Могулия мамлекетинин негиздөөчүсү болгон эмес. Ал жана анын бир туугандары Могулстандын түндүгүнөн ажырап, Чыгыш Түркстандын гана башкаруучусу болуп калышкан. Могулдар менен Могулстанды бөлүп кароого болбойт, - деп эсептейт кыргыз окумуштуусу Ө.Караев.

Могулстан мамлекети XVII к. аягына чейин жашаган. Алгач анын аймагына Кашгар, Жаңы - Гиссар, Уч, Аксу, Хотан жана анын айланасындагы жерлер кирген. Европалык адабияттарда бул аймак адатта Кичи Бухария, Кашгария же Чыгыш Түркстан деп аташкан.

1361-жылы Тоглук Темир батышты көздөй баскынчылык жортуул уюштурган жана мурдагы чагатай улусуна караган Аму дарыяга чейинки территорияны каратып алган. Ошол аймактын бардык уруу башчылары, алардын ичинде айтылуу Аксак Темир да багынгандыгын билдирип, ага убактылуу баш ийип турган.

Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхын, ошол доорлорду чагыл-

рабынан 1976-ж. которулган.

"Хрониканын" түп нускасы Могул мамлекетиндеги окуяларды гана эмес, коңшу элдер жөнүндө да маалыматтарды баяндап, баарынан мурда Чыгыш Түркстандын XVI-XVII кк. тарыхы тууралуу негиздүү маалыматтарды бергендиги менен баалуу.

Ошондой эле Могулстан хандарын коңшу элдер анын ичинде кыргыздар менен болгон оомал-төкмөл саясаты, тынымсыз согуштар тууралуу баяндалат. Ошондой эле аталган эмгекте кыргыздардын, казактардын, ойроттордун тарыхына байланышкан түрдүү маалыматтар бар.

Шах Махмуд чурас могул мамлекетинин жашоочусу болгон жана анын да ата-бабалары мамлекеттик бийликте ири кызматтарды аркалап тургандыктан, могол мамлекетинин ички жана тышкы саясатын жакшы билген, анын ичинде XVI к. экинчи жарымынан XVII к. 80-жылдарына чейин кыргыздар менен болгон мамилелерин кеңири чагылдырган.

Дал ошол XVI к. Могулстандагы саясий сахнага кыргыздар чыгышкан. Мухаммед Хайдердин жазганына караганда, "Могулстанды өзбектер, кыргыздар талаша башташты. Кыргыздар могол хандарына баш ийбегендиктен моголдордон бөлүнүп кетишти. Бардык моголдор мусулман болуп калышты жана исламды кабыл алышты. Ал эми кыргыздар динге кирген жок", деп жазган. Бирок анын маалыматында "Так эместик бар, анткени ошол доордогу кыргыздардын белгилүү уруу башчысынын бири Мухаммед Кыргыз деп аталышы кыргыздар да ислам динин кармангандыгынан кабар берет", бирок алар чындыгында исламдын

таасирин тийгизип, бийликтеги хандарды да, алардын каршылаштарын да эсептешүүгө аргасыз кылышкан. Ал эми кыргыз черүүлөрү алардын аскерлеринин курамына киришкен.

Кыргыз черүүлөрүнүн Жаркендеги такты үчүн болгон өз ара күрөштө негизги рол ойногондугу тууралуу жана Кашкардын башкаруучусу султан Махмуд менен агасы султан Ахмад хандын ортосундагы так талаш жөнүндө баяндап, Шах Махмуд Чурас, "султан Махмудду Аксунун эмирлеринен тышкары (Тилеке башында турган) кыргыздар да колдогон деп маалымдайт.

Кыргыз бийлеринин Могулстан мамлекетинин саясий турмушуна жигердүү катышкандыгын, ал тургай бийлик сересинде да көрүнүктүү орундарды ээлегендигин таскыктаган маалымат Махмуд ибн Валинин "Бахр ал-асрар" деп аталган эмгегинде баяндалат.

Тилекке каршы, Тилеке бийдин туулган жана каза болгон жылдары жөнүндө так маалымат жок болсо да көп окуялар Абдулла хандын окуялары менен аралашып кетет. Ал эми Абдулла хан Могул мамлекетин башкаруу үчүн бийликке 1638-жылы келген жана 1668-жылга чейин, дээрлик 30 жыл бийликте турган. Демек Тилеке бий Абдулла хандын замандашы болсо, ал XVII к. экинчи жарымында жашаган.

Ошол эле эмгекте Могул хандарынын Ошко, Анжиянга жасаган жортуулдары жөнүндө сөз жүрөт. Анда Тилеке башында турган кыргыздар менен Абдулла хандын аскерлери Кабылан - Көл (Алайда) деген жерде жолугушуп, "беш күн, беш түн согушканы жана кыргыздар жеңип чыкканы" жөнүндө айтылат.

Аталган эмгекте Алайга тиешелүү

болгон.

Могулстан мамлекетинин негиздөөчүлөрү чагатаиддер болгон. 1226-жылы Чыңгызхан басып алган аймактарды төрт баласына бөлүп берген. Анын экинчи уулу Чагатай чыгышта Иле суусуна, Батышта Бухара, Самаркандга, т.а. Мавераннахр, Чыгыш Түркстан - Кашгар аймагы жана Жети-Суунун бир бөлүгүнө чейин ээлик кылган. Чыңгызхандын империясы түзүлгөндөн баштап монголдордун бийлик ээлери эки карама - каршы тайпага бөлүнүшкөн.

Алардын бир тарабы - көчмөн турмушту, монголдордун жашоо турмушун, каада-салтын коргогон. Алар отурукташкан элдерди, шаарларды талап - тоноп, дыйканчылык гүлдөгөн жерлерди, жайнаган кыштактарды мал

Темир негиздеген жана 1348-1363-жылдары хандыкты бийлеп турган".

Могулстан мамлекети жөнүндө сөз кылганда Моголдор империясы, менен да чаташтырбоо керек деп эсептейт окумуштуу Ө.Караев. Чагатай улусунун аймагында түрктөр жана түрктөшкөн монгол уруулары жашаган. Чагатай улусунун чыгыш тарабында жашаган элдер өздөрүн могулдар деп, мамлекетин Могулистан деп атаган, ал эми XVI к. могул этноними өлкөдөгү бардык элдерге тиешелүү аталыш болгон.

Чынында эле Могулстан мамлекетинин негизделиши боюнча окумуштуулардын пикири эки ача. В.П. Юдин жана О.Ф.Акимушкинанын "Могулстан мамлекети 1514-жылы могул хандарынын тукумдары чага-

гы тарыхын, ошол доорлорду чагылдырган эмгектери саналуу гана, ал эмгектерге Шах Махмуд Чурастын "Хроника", Махмуд Валинин "Бахр ал - асрар", Мухаммад Аваздын "Зийа ал-кулуб" сыяктуу эмгектерин кошууга болот. Алардын ичинде 1673-1676-жылдары фарс тилинде жазылган Шах Махмуд Чурастын "Хроника" деп аталган баяны эң маанилүү эмгек болуп саналат.

Азыркы учурда "Хрониканын" эки көчүрмөсү белгилүү. Бири фарс тилинде. Москвадагы мамлекеттик библиотекада кол жазмалар фондунда сакталып турат. Экинчиси, эски уйгур тилине которулган, ал Өзбек Республикасынын чыгыш таануу институтунда сакталууда. Анын түп нускасы белгилүү чыгыш таануучу О.Ф. Акимушкина та-

бирок алар чындыгында исламдын шариаттарын толук сактабаган "начар" мусулман болушу мүмкүн.

Кыргыз уруу башчылары жөнүндөгү маалыматтарда Адигине уруулук бирикмесинин башчысы Тилеке бий тууралуу бир нече жерде эскерилет. Анда "кыргыздар Мухаммед хандын өлгөнү жөнүндө кабарды угуп, 5 миң адам чогулуп Тилеке бийди аскер башчылыкка дайындашты жана Аксуну көздөй бет алышты", деп жазган.


XVII к. 30-жылдарында кыргыздар Могул мамлекетинин башкаруучуларынын тоскоолдук кылганына карабастан өлкөнүн ички тарабына жылып, Кашкардын айланасына жана Жаңы Гиссардын түштүгүнө жайгашкан. Натыйжада алар мамлекеттин ички иштерине кийлигишип, реалдуу жана ачык

Аталган эмгекте Алайга тиешелүү көптөгөн топонимикалык аттарды кезиктирүүгө болот, анткени Кашгар менен Алай чектеш болгондуктан көп окуялар ошол аралыкта өткөн, ошондогу жерлердин аттары азырга чейин өзгөрбөй сакталып калган. Мисалы мындай деген саптар бар. "Абдулла кыргыздарга кол салып, Ошко жортуул уюштурду. Кайра кайтканда Беш - Мойнок деген жерде кыргыздар аларды кууп жетишти. Ал жерде кыргыздардын аскер башчылары Койсары бий, Жолболду бий, Үчкуртка бий, Чоңкан, Афат, Шади жана башка аскер башчылары бар эле. Согуштун алтынчы күнү кыргыздар коргонууну бузуп, хан Кулубекти туткундашты".

(Уландысы 11-15-беттерде)

# Тилеке баатырдын сөөгүн жашыруу зыйнатынан фото-баян

## (Алай району, 2010-жылдын 23-апрели)









# ТИЛЕКЕ БИЙ ЖАНА АНЫН ДООРУ

(Башы 7-бетте)

Койсары Тилекенин баласы деп айтылат баянда. Ал эми Беш Мойнок Ош шаарынан 7 км аралыктагы Алайды көздөй кеткен жолдогу айыл, жогорудагы маалыматтарга боюнча, кыргыздар Анжиян, Оштон тартып Чыгыш Түркстандагы Аксу, Турфан аймагына чейинки аймакты бийлегендигине ынанса болот, анткени Махмуд ибн Вали "Бахр ал ө асрар" деп аталган эмгегинде "XVII к. башында кыргыздардын башында Тилеке бий турган көз карандысыз улусу (ээлиги) болгон. Ал Аксу жана Учтурфан шаарларынын түндүгүн да ээлеп турган" деп жазган.

Тилеке элинде бий, жеринде баатыр болгондугун, ал Улуу Жибек жолунун Ош - Кашкар магистралын көзөмөлгө алып, сырткы душмандардан коргоп тургандыгын жогорудагы тарыхый булактар тастыктайт. Деги эле кыргыздар Могол хандыгынын саясий турмушуна жигердүү катышкандыгын ал тургай кыргыз уруу башчылары мамлекеттик жогорку бийлик орундарын ээлеп турушкан Тилеке бийдин мисалы тастыктайт.

Ошондой эле аталган эмгекте кыргыздардын, казактардын, ойроттордун (калмактардын) тарыхына байланышкан ар түрдүү маалыматтар бар.

Ошентип, Шах Махмуд Чурастын "Хроникасы" бизге кыргыздардын Могол мамлекетинин саясий турмушуна активдүү катышкандыгы жөнүндө маалымдайт. Анда Абдулла хандын тушунда кыргыздардын уруу башчылары жогорку административдик кызматтарды ээлешкендиги, бирок кыргыз урууларынын күч алышына наразы болгон могул эмирлери Абдулла хандан кыргыздарды четтетүүнү, ал тургай жазалоону талап кылгандыгы тууралуу айтылат. Андан сырткары калмактардын кол салуусу жана кыргыздардын жолу Ошко, Анжиянга жана Аксайга жортуул уюштурган, ага каршы кыргыздардын уруктук - уруулук бирикмелери каршылык көрсөтүшкөн", деген саптар бар.

Бирок бул жортуул ийгилик менен коштолуп, ага даңк алып келген эмес, анын жеңиштери убактылуу болгон. Мисалы, Абдулла хандын Ошко жасаган жортуулунан кийин анын эмирлери жеңилген, 2 миң аскеринен 150 адам гана качып кутулган. Абдулла хандын Аксайга жасаган жортуулунда Койсары менен Жолболдунун үстүнөн убактылуу жеңишке жетишсе да, толук жемиштүү болду деп айтууга болбойт, анткени Анжиянга жасаган биринчи жортуулунда ийгиликке жетишкени менен, экинчи жортуулунда Тилеке бий тарабынан толук талкаланган.

Ошондой эле "Кашкар тарыхы" эмгегинин автору Абдулла хан менен согушкан кыргыз уруулары ал Ошко Анжиянга жана Аксайга жортуул жасаганда согушканы менен калмактардын кол салуусунан улам Могул мамлекетинин чектерине барып коңшулаш жайгашканда алар саясий багыттарын өзгөртүүгө аргасыз болушкан. Алар Абдулла хан менен союздаш болушуп, анын сырткы саясий акцияларына катышышкан, деп жазган автор.

Демек бир эле мезгилде Аксу, Учтурфан, Алай, Ош жана Анжиян аралыктарын мекендеген кыргыздардын башында Тилеке бий туруп Могул хандары менен бирде чабышып, кайра союздашып, ошол доордогу тарыхый кырдаалга карап саясат карманган көрүнөт.

Тилеке жеринде бий, элинде баатыр болгондугун орто кылымдагы жазылган Махмуд ибн Валинин "Бахр ал - асрар фи манакиб ал - ахйар" (Море тайн относительно достоинств праведников") деп аталган тарыхый эмгек кабарлайт. Ал Улуу Жибек жолунун Ош - Кашкар магистра- күбөсү Адигине", деп белгилеген маалыматы ошол доордогу тарыхый булактарда аты жазылып калган Тилеке бийдин тагдыры деген жыйынтыкка алып келет. .

Ал эми Шах Махмуд хандын "Хроникасын" окуп олтуруп, Могул хандары кыргыздарды бирде кошуундары менен биргеликте ичара ыйкы-тыйкы согуштарда пайдалангандыгы, кайра кыргыздар менен согушуп кыргынга алгандыгы, кыргыздар кечирим сурап келди деген сыяктуу маалыматтар, чындыктан оолактап кеткендей пикир калтырат. Анткени кыргыздарды "Моголстан токойлорунун арстандары" деп моюнга алуу, дал ошол доорлордун тарыхый булактарында жазылып, ошол мезгилдердеги кара кыргын, кызыл сүргүн жөнүндө маалымдап, жоокер кыргыздардын оңой-олтоң тизе бүкпөгөндүгүн айгинелейт.

Көчмөндөр менен отурукташкан элдердин ортосундагы айырмачылыктар жана алардын согуш учурунда жасаган аракеттери жөнүндө арабдардын тарыхчысы Абдурахим ибн Хал минтип жазган: "Көчмөндөр ар дайым чабуулга өтүүчү тарап болуп саналат. Алар абдан ийкемдүү, аба - ырайынын ысык - суугуна чыдамдуу, ач-ток болгон кезде сабырдуу келишет. Согуш учурунда кайраттуу жана чечкиндүү болушат. Алар керектүү нерсени гана алып жүрүшөт, ошондуктан арасында теңсиздик жок. Бир уруктун, же бир уруунун адамдары болгондуктан, өздөрүнүн уруусунун салтына, мыйзамына кыңк этпей баш ийишкендигине", эң бир таамай мүнөздөмө берген.

Өткөн доорлорго ой чаптырсак ата - бабалардын турмушунда тынч, чардап жашаган күндөрүнө караганда, колуна жоо-жарагын көтөрүп, өмүрүн канжыгага байлап, тагдырын тобокелге салып ат жалында өмүр кечирген жылдар арбын боллып сакталган маалыматтарды тарыхый булак катары колдонуу көчмөн элдер үчүн керек.

Кылымдардын кыйырын басып өткөн кыргыздар бир нече ирет эл катары жок болуп кетүү коркунучун башынан кечирген. Жортуулчулук замандарды баштан кечирген алар кээде жеңишке жетсе, кээде жеңилүүгө учурап, бирок душманга узак убакыт бою баш ийип турган эмес, Ошондуктан миңдеген эр-азаматтардан ондогон адамдар калган учурлар болгон. Душман капыстан кол салып кирген учурда асылуу казан, тигилген үй, жайытта мал калып, эл качкан, кыргыздарды калмактар чаап, туш тарапты көздөй тозуп, чачылып баратканда аксакалдар элге кайрылып: "Жаштар 7 атасын, улуулар 21 атасын унутпасын" деп насаат айтып таркаган дейт. Ошондой учурларда алар адегенде түздөн тоого, андан ары зоолорго, ал сактабаса коңшу элдерге кирип кутулган. Колго түшкөнү туткун болгон, бошондуктү сүйгөн эл эр жүрөк азаматтарынан гана ажырабастан, жазуусун, чийүүсүн жоготкон. Тек шамал айдаган булуттай сөгүлүп, туш тарапка таркап кеткен.

Ушундай шартта тирүү калгандардын милдети ата-тегин унутпоо, өткөндү төкпөй-чачпай сактоо, аны урпактарга калтыруу зарыл дешкен. Мына ошентип, уруу, урук, эл жөнүндөгү уламыш сөздөр санжырага айланган. Ар бир жети жашка чыккан эркек бала жети атанын ысымын билүүгө тийиш болгон. Мунун өзү жай турмушту кечирип, жайбаракат кемегенин айланасында олтурган айлуу узун түндөрдө, акыл парасаты бийик аксакалдар тарабынан акыл-насаат катары качандыр бир мезгилде бекемделген, бара-бара адат - салтка айланган, жа-

тууралуу айтылат. Андан сырткары калмактардын кол салуусу жана кыргыздардын тынымсыз чабуулдары жана алардын Могул мамлекетинин ички иштерине кийлигишүүсү өлкөдө тынчтыкта жашоого жолтоо болгондугу жөнүндө да айтылат.

Ошол эле учурда кыргыздар Могул хандарын тактан алып, такка олтургузгандыгы "Кашкардын тарыхы" эмгегинин белгисиз автору маалымдайт. Анда кыргыздардын кушчу уруусунун Сокур бий башында турган өкүлдөрү султан Махмудга 7миң аскерин берип, кийинки жылы султан Махмуд Жаркенди ээлеп, хандык тактыга отургандыгын кабарлаган.

Ошол эле учурда Шах Махмуд Чурастын "Хроникасы" карама-каршылыктуу маалыматтарды берет. Мисалы, ошол главада "Абдулла хан түндүктөгү коңшуларына агрессивдүү саясат жүргүзгөн, бир нече аталган тарыхый эмгек кабарлайт. Ал Улуу Жибек жолунун Ош - Кашкар магистралын көзөмөлгө алып, сырткы душмандардан коргоп тургандыгын жогорудагы тарыхый булактар тастыктайт. Деги эле кыргыздар Могол хандыгынын саясий турмушуна жигердүү катышып, ал тургай кыргыз уруу башчылары мамлекеттик жогорку бийлик орундарына ээ болгону менен кыргыздардын таасиринин өсүп кетишинен корккон Могул хандары мезгил - мезгили менен кыргынга алгандыктары тууралуу "Абдулла хан кыргыздардын таасирдүү башчыларын жок кылуу жөнүндө буйрук берди, натыйжада 10 миңдей адам кырылды" деп "Кашкар тарыхы" күбө өтөт. Ушул жерде окумуштуу С.Аттокуровдун "Моголстандын акыркы бийлөөчүлөрү эмир Темирдин жана анын балдарынын мезгилинде болгон катуу кыргындардын байлап, тагдырын тобокелге салып ат жалында өмүр кечирген жылдар арбын болгон. "Алардын кайгылуу уруштарынын даректери, жоокерчилик өнөрү жөнүндө санжырадан, уламыштардан, оозеки чыгармалардан, эпостордон, таштагы руна сымал жазуулардан да билебиз.

Санжыра - эл, уруу, урук тууралуу ооздон - оозго, атадан - балага, улуу муундан, кийинки муунга оозеки айтылып келген баян. Ал байыркы замандардагы ата-бабалардын тарыхый тагдырына күбө болгон - тарых. Санжыра көчмөн элдер арасында өзгөчө, жазуусу жок элдерде узак убакытка чейин сакталып келген. Санжыранын пайда болуу тарыхы байыркы доорлордун кучагында жатат. Жазуу пайда болгондон кийин өзүнүн маанисин жоготкон жана хронология жана тарых менен алмаштырылган. Ошондуктан эл оозундагы айты- качандыр бир мезгилде бекемделген, бара-бара адат - салтка айланган, жазылбаган мыйзам болуп калган. Жер суу бөлгөндө "жети атаңдын мүрзөсүн көрсөт" деген сөз бекеринен чыкпаган. Азырга чейин кыргыздар Америкада каза болсо да сөөктү туулуп өскөн жерине алып келип койгондугу, элибиздин байыркыдан калган нарк-насилинен, каада-салтынан кабар берет. Бара - бара куйма кулак адамдардан уламыш айтуучулар, санжырачылар пайда болгон.

Орустардын кыргыз таануучуларынын кыргыз санжырасын кагаз бетине түшүрө баштаганы XIX кылымда башталган. Аны адегенде "В.В.Радлов, Г.С.Загряжский, П.П.Семенов-Тянь - Шаньский, Н.А.Аристов, Н.Гродеков, Ч.Валиханов жүзөгө ашырышкан.

(Уландысы 15-бетте)

# Тилеке баатырдын сөөгүн жашыруу зыйнатынан фото-баян

## (Алай району, 2010-жылдын 23-апрели)





# ТИЛЕКЕ БИЙ ЖАНА АНЫН ДООРУ

**(Башы 7-11-беттерде)**

Санжыраны кагаз бетине түшүрүүгө жергиликтүү элдин өкүлдөрүнөн XVI к. жазылган "Маджму ат - Таварих" (Тарых жыйнагы) деген Сайфидин Аксикентинин кол жазмасын атаса болот. Анда Ак уулдан тартып Аналхакка чейинки 20-23 атанын тизмеси берилген. Ал эми 1913 - 1914 - ж.ж. О. Сыдыков тарабынан кыргыздардын генеалогиялык санжырасы Уфада басылып чыккан, деп белгилейт кыргыздын улуу окумуштуусу С. Аттокуров.

Владимир Чивилихин кытай илимпоздорунун, дүйнөлүк тарыхчылардын изилдөөсүнө таянып, биздин түпкү аталарыбыз ыраакы Чыгыштан Волга суусуна чейин мындан 34 миң жылдан бери жашашкан, ал элди кытайлар Ди деген эл деп аташкан. Кийин бул эл Динлин аталып, динлиндер: уйгур, кыргыз эли болуп таркап кеткен деген.

Кыргыздарды этнос катары экиге бөлүүгө болот, байыркы кыргыздар жана азыркы кыргыздар. Байыркы кыргыздарга V-X кылымдарда өзүнүн мамлекетин түзгөн 40 уруунун конфедерациясынан турган Борбордук Азияны мекендегендер кирет. Бул түрк, тунгус, монгол элементтерин ичине катып, саясий биримдикке кыргыз ысымын берген. Бул этностун өзүнүн аймагы, тили жазуусу болгон. Кара кытайлардын, монголдордун геноциддик саясатынын натыйжасында ал этнос бытырап тараган. Тек таруудай чачырап башка этносторго аралашып кеткен. Кыргыз этносунун кайрадан пайда болушу Алтай менен Тянь - Шандын аралыгында жашаган элдер менен тыгыз байланышкан. Ага кырылуудан, ассимилизациядан аман калган кээ бир кыргыз урууларынын өкүлдөрү катышкан, деп жазган окумуштуу С.Аттокуров .

Кыргыз урууларынын жана айрым уруктарынын келип чыгышын окумуштуу О. Каратаев изилдеп, бир топ кызыктуу маалыматтарды жазган. Ошонун ичинде биз сөз кылган Тилеке бийдин уруусу баргылар жөнүндө да айтылат. Баргы - адигине уруулук бирикмесиндеги ири уруунун бири. Санжыра боюнча Баргы Адигиненин улуу баласы экендиги маалым. Оң канатка кирген баргылар кыргыз этносунун пайдубалын түптөгөн байыркы уруулардан болот. Баргу - азыркы Монголияда топонимикалык аталыш катары да белгилүү. Айрым маалыматтар ички Монголияда (КЭР) "барга" деген ири уруу бар экендигин кабарлайт, деп жазган окумуштуу. Рашид - ад - Дин "Джами ат - таварих" деп аталган эмгегинде "Кыргыз жана Кем - Кемжиут бирибирине жакын турган аймактар, бул жерлер бир мамлекеттин курамына кирет. Кем - Кемжиуттун бир тарабы наймандар, андан ары Баргужин - токум деген жерде кори, баргу, тумат, байаут уруулары жашашат, бул аймакта шаарлар жана кыштактар көп, көчмөндөр өтө көп санда. Ар бир падышанын аты башка болсо да, титулу - инал.... Башкы аймактын аталышы - Еди - Орун, падышасын Урус - инал дешет", деп белгилеген Рашид ад - Дин.

Баргулар түрк (кыргыз) тилинде сүйлөгөнүн тарыхый булактагы адам аттары, алардын титулдары айгинелеп турат. Демек, XIII к. бүгүнкү кыргыздардагы эң ири уруулар катары эсептелген найман, дөөлөс (төөлөс), баргы, баят (тейит), ж.б. уруулар "Кыргыз өлкөсү" жайгашкан аймактарды мекендешкен. Эне-Сайдын чыгыш тарабындагы жерлер монголдордо XII к.- XIII к.к. "Баргужин токум" деген ат менен белгилүү болгон. Баргу, төөлөс, туматтар падышаларын "инал" деп аташары алардын тегинин кыргыз экендигин дагы бир ирет тастыктайт, - деп улантат андан ары окумуштуу О. Каратаев, - баргуттар (т- монгол тилинде көптүк маанини аныктаган сөз жасоочу мүчө) Баргалжан (Баргужин) - монгол тилинде "түнт токойлуу", "өздөштүрүлө элек токойлуу аймак", токум - монг. төхүм "төркүн", "уруулаштар", "туугандар" дегенди аныктайт. Учурда Бурятияда Баргузин аттуу аймактык - административдик бирдик бар экендиги маалым. Бир топ маалыматтар жаңы экендигин эске алып, биз кыскартпай бердик.

Кыргыздарда адатта салтты-наркты сактоочулар болуп уруунун аксакалдары кызмат өтөшкөн. Көпчүлүк учурда алар көптү көргөн, кыргыз урууларынын санжырасын, ураанын, тамгасын жакшы билген, башка элдер жөнүндө да кабары бар, акыл парасаты бийик, көз карашы кенен адам болгон.

**Т. ӨМҮРЗАКОВА,**
**тарых илимдеринин кандидаты, доцент**

# Тилеке бабабыз бизге, биз - балдарга карызбыз!

Апта аягы жекшембиде айтылуу Алайдын Чыйырчык ашуусунда атактуу кол башчы жана журт атасы Тилеке баатырдын кабырын кайра тикелөө зыйнаты өткөрүлөт.

Эске сала кетели, өткөн жылдын 7 - апрелинен сегизине оогон түнү Тилеке баатырдын арбагы бир оодарылып, кара кытай-калмактын үшүн алган ак сөөгү ачылып, кабыры тоо менен кошо көчүп түшкөн. Кулдан (пендеден) уялып Кудайдан коркууну унута баштагандай заман экен, анда буга анча деле баам-парасат сала бербеппиз. Азыр деле "а-а эми ..." деп алакан жайчуулар четтен чыгат.

Кызыгы, Тилеке бабабыздын сөөгү жаткан аймакта былтыркы жылы марттан баштап эле жер көчкү көбүрөөк жүрүп, кайсыл бир басылма Алайдагы жер көчкү менен Нарындагы зилзалага агездеги президент Курманбек Бакиевди айыптап, бардык балээ ошонун туура эмес бийлик жүргүзүп жатканынан болууда деп алкынып-булкунуп алганы да эсимде. Ал басылманын акылга сыйбас логикасына, анығыраагы алогизмине таянчу болсок, анда Тилеке баатырдын кабыры 7-апрелдеги мамлекеттик төңкөрүлүштү жактырбай көчүп түштүбү? деген акылга сыярлык эле суроо туулат. Бул эми сөз арасында айтыла кетти да. Анын үстүнө, шейшембей тургандар да жок эмес.

Олуттуу айтканда, ошол жер көчкүдөн улам ордунан жылып, кулап түшкөн Тилеке баатырдын кабырын кайра тикелөө өтө чоң сооптуу иш чара болоору талашсыз. Өлүктөрдүн жер астында, тирүүлөрдүн жер үстүндө эле жүргөнү жакшы. Арбактар аркы дүйнөдө тынч уктап, алардын урпактары берки дүйнөдө бейпил жана ынтымак-ырашкерликте жашаса деген тилек.

Тилеке бий - эли-жеринин бейпилдигин коргоп, ынтымак-ырашкерлиги үчүн күрөшкөн кыргыздын тарыхый инсандарынын бири. Өкүнүчтүүсү, бул атактуу кол башчы жана жол башчынын өмүрү жана ишмердүүлүгү жөнүндө маалыматтар абдан аз. Илимий иликтөө жүргүзүп жаткандар бар, же жок экендиги да белгисиз. Эл арсында "Тилекенин сегиз бек, телегейи тегиз бек!" деген учкул кеп гана айтылып жүрөт. "Калмактарга каршы катуу күрөшүп, өмүрүн ат үстүндө өткөргөн Тилеке баатырдын башын калмактар кесип кеткен, сөөгү башы жок коюлган" деген аңыз сөздөр да анча-мынча айыл аралап калат. Ал эми Кыргызстандын тарыхы боюнча окуу китептеринде Тилеке бий тууралуу маалымат дээрлик жокко эсе.

Калмак баскынчыларына каршы кыргыз элинин боштондук күрөшүндө Тилеке баатырдын ысымы,

ке бир гана баатыр жоокер, чыгаан кол башчы эмес, эли-журтунун даанышман бийи, демек бийлик башчысы да болгон. Мен билгенден тээ СССР заманында, Т.Усубалиевдин тушунда жана анын демилгеси, көрсөтмөсү астында Кыргыз ССРинин тарыхынын, жаңылбасам, 4 томдугу чыккан. Ошол китептен гана "Беш миң колу бар баргылардын башчысы Тилеке бий" деген саптарды окуп калганым эсимде. Андан кийинки, айрыкча эгемендүүлүк жылдарынын башталышында өлкөнүн тарыхы кайра-кайра сүзгүдөн өткөрүлүүгө дуушар болгону, ага айрыкча акаевчил тарыхчы, окумуштуулар чоң "салым" кошконун белгилеп кетүү керек.

Өткөн жылдын Июнь айында жүз берген кайгылуу окуяга "адамзатка каршы кылмыш" боегун сүртүү аракетин жасаган АКШ өз мамлекеттүүлүгүн тикелөө жана өнүктүрүү тарыхында жүз миллиондун тегерегинде индеец элдерин кырып, айрым урууларын тукум курут кылып таштаган. Ошол индеецтердин ташка тамга баскандай таамай накылы бар: "Биз жерибизди ата-балалардан мураска эмес, кийинки муундарыбыздан карызга алганбыз!" Кандай улуу сөз, ыйык накыл!

Тилеке баатыр өзүнүн урпактары, кийинки муундарынан алган карызынан каны-жаны менен кутулду. Элин-жерин тышкы душмандарга тебелетип-тепсетпей, ички душмандарды ийге келтирип, ынтымакка чакырды, калкты калыс башкарды.

Карызды кайтаруу милдети эми азыркылардын моюнунда. Кыргыздын касиеттүү жерин чыпчыргасын коротпой, кор кылбай болочок урпактарыбызга кайтарып бере алабызбы же жокпу? Тилеке бабабыздын ашуудагы кабыр-айкели арыбери өткөндөрдөн ушуну сурап тургансыйт.

**Абдираим МАМЫТОВ**



биден шаршембиге караган түнү түштүктө катуу жер силкинүү да болуп өтүп, аны кимден көрүүнү бил-

Тайлак жана Атантай баатырлардын катарында, керек болсо алардан да өйдө аталышы керек. Себеби, Тиле-



# Алайдын Чыйырчык ашуусундагы Тилеке баатырдын кабыр айкели, 2011-жылдын 23-июлу







# Тилеке баатырдын урпактары

## Ажы бий Тилеке уулу

XVIII кылымдын экинчи жарымындагы кыргыздардын тарыхый инсандарынын бири - Ажы бий. Баргы уруусунун белгилүү феодалдык үй-бүлөсүнөн чыккан, айтылуу Тилеке баатырдын уулу. Саясий аренада ал Кубат бий Кашкардын акими жана Жаркенддин жеңүүчүсү болуп жүргөн маалда пайда болгон. Кокондун башкаруучулары Ажы бий менен дал ошол мезгилдерде биринчи жолу бет келишкен. Эки саясий ишмер: Кубат бий менен Ажы бий бирин-бири билип, өз ара тыгыз карым-катышта аракеттенишкен деп болжоого болот. Кашкарга жөнөөрдөн мурда ордун зирек, жөндөмдүү жана акылман башкаруучуга калтырып кеткен болуу керек. Ажы бийдин таасири бир эле адигине эмес, моңол, ичкиликтерге да жайылтылган.

Ажы бийдин беделин, аскердик-саясий салмагын Кытай императорунун сарайында да, Кокон хандыгында да баалашып эсептешишкен. Азыркы тилге салганда, Ажы бий геосаясий күчтөрдүн оюнунда көрүнүктүү фигура эле. Ошол доордо чачырандды, бөлүндү жашаган кыргыздардын аймагын басып алып өз өлкөсүнө кошууну самаган жана аракеттенгендерге Кокон хандыгы, Бухара эмирлиги жана Чыгыш Түркстандагы Кашкар башкаруучулары кирет. Ал эми Кытай империясыныкы эзелтен белгилүү: Кытай императорлору Бухарага чейинки аймакты Кытайга таандык, азырынча ал башка элдердин убактылуу пайдалануусунда деп эсептешкен. Баса, бул көз караш Кытай саясатчыларында азырга дейре орун алып келе жатканын эстен чыгарууга болбойт.

Ажы бий Кытай империясы менен тыгыз мамиле түзүүгө аргасыз эле. Бул күчтүү өлкөнүн колдоосуна таянуу аркылуу гана кыргыз урууларынын көз карандысыздыгын сактап-коргоо, экинчиден, аларды ич ара бириктирүү мүмкүн экендигин эң сонун баамдаган. Дегеле ошол доорлордо Кубат, андан кийин Ажы бийлер жүргүзгөн дипломатиялык көрөгөч саясат болбогондо, кыргыз урууларын өтө капсалаңдуу жана оор тагдыр күтүп алмак.

Ошентип Ажы бий Кытай императору менен элчи алмашып, ал турсун 1760-жылы Кытай империясынын букаралыгына өткөндүгү жөнүндөгү маалыматты белгилүү окумуштуу-тарыхчы А.Н.Бернштам жазып калтырган. Ал эми "Цинь дан Хуан юй тучжи" деп аталган кытай булагында кыргыздар түштүк-чыгышты (Кытайдан) бойлой Цзун-Линге такалып, ал эми батышта Бухара хандыгына чейин созулган бирдиктүү аймакта күн кечиришип, калкынын саны 200 миң адамге жетээри айтылат. Кытай императору Ажы бийге дал ушул аймакты шаарлары менен кошо башкаруу укугун мөөрү менен бирге тапшырган.

Ажы бийдин качан жана кандай шартта өлгөнү туурасында маалымат жок. Бирок, анын-кыргызды бириктирүү, өзүнчө бир мамлекет түзүү, көз карандысыздыкты коргоо жана сактоодогу ишмердүүлүгү элдин эсинде сакталып, ишин артындагы урпактары улантты.



## Камчыбек Алымбек уулу

Камчыбек - Алымбек менен Курманжандын беш өткүр уулдарынын кенжеси, орус бийлигинин оторчулук саясатынын курмандыгы. Маалым болгондой, орус бажычыларынын орунсуз шектенүү, жосунсуз жана улуттук ар-намысына доо кетирген жоруктарына чыдабаган Камчыбектин жигиттери аларды өлтүрүп, Алайдын тоосуна көөмп салышкан. Муну уккан жергиликтүү орус бийлиги башкаларга сабак болсун деген максатта көргөзмөлүү сот процессин өткөрүү аркылуу аларды катуу жазаламакчы болот. Ал кездердеги документтерге назар салганда, бул иш абдан чоң резонанска ээ болуп, жогорку бийликчып кетүүсү мүмкүн" деп эсептеген Ош уездинин начальниги Л.Б. Громбчевский Түркстан бийлигинен Датканын бүткүл үй-бүлөсүн жаңы Маргалаңга көчүрүүнү сураган. Арийне, ар кандай чочулоо, шектенүүлөргө карабастан, Курманжан Датка жана анын балдары эч жакка кетишкен эмес, тескерисинче, крайдын жогорку бийлигинен адилеттүүлүк жана ырайым издеген.

Фергана облусунун аскердик - талаа соту өкүмүн чыгарды: 9 адам, анын ичинде Камчыбек да өлүм жазасына, 6 адам, анын ичинде уулдары Мамытбек, Асанбек жана небереси Мырзапаяз каторгалык жумушка сүргүнгө айдалууга өкүм кылынып, 11 адам акталды. Асууга өкүм 1895-жылдын 3-мартында, саат 11ден 10 мүнөт өткөндө аткарылды. Камчыбек өмүрүнүн акыркы ирмемине чейин өзүн

## Алымбек датка

бүткүл Анжиян облусу, Кыргызстандын Ош жана Жалал-Абад облустарынын басымдуу бөлүгүн

вай, Коңурат жана Кыдырша арыктарын өз эсебинен каздырган. Оштогу классикалык төрт:

# Асан бий уулу

XIX кылымдагы кыргыздардын тарыхый инсандарынын арасында Алымбек датка Асан бий уулу өзгөчө айырмаланып турат. Алымбектин өз элине өтөп кеткен кызматын ага чейинки да, андан кийинки да тарыхый делген инсандарыбыз жасаган эмес. Ал кыргыздардын эле эмес, бүтүндөй Кокон хандыгынын саясий турмушунда үлкөн ролду ойногон. Ош шаарына абдан маани бергени да маалым. Алымбек датканын шарапаты менен Ош шаары узак жылдар бою Анжиян вилайетинин борбору болуп турган.

Алымбек датка 1800-жылы туулган. Атасы Асан бий Алайдын эле эмес, бүтүндөй Фергана өрөөнүнүн таанымал жана таасирдүү адамдарынын бири болгон. Орто Азия, Чыгыш Түркстандын жана Кытайдын көптөгөн шаарлары менен соода-экономикалык байланышты кармаган. Кербенчилерден жогоруда аталган аймактардын саясий, социалдык-экономикалык жана маданий турмушун ар кандай жаңылык-маалыматтарын алып, бардык окуялардан кабардар жүргөн.

Ошондой чөйрө-таасирде тарбияланган Алымбек жаштайынан эле өтө зирек жана тунук акыл-парасаты менен айырмаланган. Соодагерлер менен кошо Самаркан, Бухара, Стамбул, Кашкарга да каттоочу экен. Мунун баары анын көрөгөч, акылдуу саясаты жана акылман башкаруучу болуп жетилишине күчтүү таасир тийгизген.

Алымбек 27 жашында Коконго, Мадалихан тарабынан кызматка чакырылып, 31 жашында Датка наамын алат. Кийинки эле жылы Анжиян вилайетинин бектигине дайындалат. Анжиян вилайети азыркы Өзбекстандын

лустарынын басымдуу бөлүгүн өзүнө камтып турган.

Алымбек датка Кокон хандыгында узак жылдар башкаруу кызматында болгон сейрек саясатчылардын бири. Кандыктагы 35 жылдык кызматында 8 хан алмашкан. Мала хандын тушунда башкы вазир (Өкмөт башчысы) болуп көтөрүлгөн. Кокон хандыгында жогорку бийликке ат салышкан жана бөлүштүрүп ээлешкен үч этносаясий күч бар эле: Миң династиясынын өзбектери, кыргыздар жана тажиктер. Саясий үстөмдүк үчүн тынымсыз күрөш ошол үч күчтүн ортосунда жүргөн. Демек, Алымбектин башкы вазирликке жетиши ордодо кыргыз саясатчыларынын таасирин сөз жок көтөргөн. Тарыхчылардын айтымында, Кокондун ордосунда Коженттин башкаруучусу Сеитбек датка, Исфара беги Сатыбалды датка, Нау чебинин башкаруучусу Молдо Касым, сарайдын ичиндеги таасирдүү мансаптарда Кадыр, Кудайназар жана башка кыргыздардын пайда болушуна дал ушул Алымбек датканын шарапаты тийген. Алымбек датканын саясий жеңиштеринин дагы бир маанилүүсү - Анжиян вилайетинин борборун Анжияндан Ошко көчүрүп келгендиги. Алымбектин "Ак Ордосу" болжолдуу түрдө азыркы Автотрест, "Кара-Алма", "Чолпон" ресторандары, Филармония, "Алай" мейманканасы жайгашкан аймактарды камтыган. Ошту вилайеттин борбору кылуу менен бул шаардын саясий жана экономикалык, социалдык жана маданий статусун жогорулатуу мүдөөсү көздөлгөн.

Алымбек Ош шаарына, Ак-Бууранын аркы-берки жээктерин туташтыруу үчүн тогуз көпүрө, шаар жана анын айланасындагы айыл-кыштак элдеринин тиричилик ыңгайын жогорулатуу максатында тогуз: Төлөйкөн, Жапалак, Жоош, Баргы, Увам, Анжиян, Са-

ган. Оштогу классикалык төрт: Курманжан Датка (Мурунку Анжиян), Ленин, Гагарин, Масалиев көчөлөрүн иретке биринчи келтирип, таш төшөлгөн жолго айландыруу да ушул инсандын аты менен байланышкандыгы эл арасында айтылып жүрөт. Ал эми, Ош шаарындагы Алымбектин айтылуу Ак-Медресеси жөнүндө кимдер гана билбейт.

Алымбек датка кыргыз тарыхына кыргыздардын ошол кездеги Кокон хандыгындагы саясий таасирин күчтөндүрүү, бекемдөө эле эмес, бүткүл кыргыз урууларын бириктирип, өз алдынча мамлекетке бөлүнүп кетүүгө өмүр бою күч үрөп, ошол улуу максаттын жолунда шейит кеткен мамлекеттик чыгаан ишмер катары кирет. Бул мүдөөсүн ишке ашыруунун чараларын тынымсыз көргөн. Кыргыздын оң-сол жана ичкилик топторундагы эл башчылары, мыкты чыкмалары менен жакын карым-катышта болуп, дипломатиялык сүйлөшүүлөрдү жүргүзгөн, акыл салып, кеңеш сурап, масилет курган. Ал орус бийлиги менен да тымызын жакындаша баштаган. Узун-Агашта Колпаковскийдин орус армиясы менен согушпай, саясий атаандашы Канат шааны кокон аскерлери менен согуш талаасында жалгыз калтырып, кыргыз кошунун алып чыгып кеткени да буга ачык күбө. Айрым маалыматтар боюнча, Кокон хандыгын ичтен иритүү максатын көздөгөн орус бийлиги Алымбек датканын бул аракетин сөзсүз колдомок. Арийне, анын бул дүйнөдөн эрте кеткени асыл мүдөөсүн ишке ашырууга жолтоо болду. Бирок, Алымбек датка кыргызды бир улутка бириктирүү идеясын алгачкылардан болуп көтөрүп гана тим болбостон, андай аракетти тынымсыз жүргүзгөн улут баатырларынын жана саясатчыларынын ири өкүлү болуп кала берет.

нанска ээ болуп, жогорку бийликтегилерде да бир кылка эмес пикирлерди жаратkандыгы байкалат.

Бийликти албетте "Алай ханышасы" менен болгон мамиленин бузулуп кетүү ыктымалдуулугу өзгөчө кооптондурган. "Курманжан Датка өзүнүн уулдарын алып, коңшулаш өлкөлөргө, айрыкча Кытайга кире ка-

нүн акыркы ирмемине чейин өзүн бекем жана салабаттуу кармады. Ал эми уулунун ушул акыр заман, кыямат кайымын өз көзү менен көрүп, башынан аягына чейин күбө болгон Курманжандын кылымдар бою суктандыраар сабыр-канааты тууралуу бай маалыматтар элге эчактан эле дайын.

# Курманжан Датканын сыйлыктары жана сыймыктары

Алымбек Датка жөнүндөгү маалыматтардын Курманжан Датка тууралуу маалыматтарга салыштырмалуу жардылыгы Курманжан Датканын жана балдары, неберелеринин доору орус бийлигинин олуттуу мезгилине туш келгендиги менен түшүндүрүлөт.

Маалым болгондой, "Алай ханышасынын" атак-даңкы, тунук акыл, сергек сезимине Россия империясынын Түркстан крайындагы аскердик-мамлекеттик төбөлдөрүнүн баары суктанып баа беришкен. Көпчүлүгү Датка энебиз менен жылуу мамиле, карым катышта болушкан. Алардын катарына генералдар: К. Кауфман, А. Черняев, В. Розенберк, М.Д. Скобелев, Н.Корольков, А. Вревский, А.Н. Куропаткин, С.М. Духовский, М.Е. Ионов жана башкалар кирет. Курманжан Датканын ысымы императордук сарайда да белгилүү эле. Россия императорунун 1881-жылдын 17-июнундагы жарлыгы менен Курманжан Даткага өмүрүнүн акырына чейин жылына 300 рубль өлчөмүндө берилүүчү пенсия чегерилген. 1891-жылы Анжиянда Россиянын Аскер министри менен болгон жолугушууда императордун жекече белеги - баалуу таштар менен коздолгон шакек тапшырылган. 1902-жылы император аялдардын алтын саатын асыл таштар менен кооздолгон чынжыр



жана билерик менен кошо белек кылган. Айрым маалыматтарда Курманжан Даткага орус армиясынын полковниги деген аскердик чин берилгендиги да айтылат.

Курманжан Датканын көзү тирүүсүндө эле балдары Ош уездиндеги манилүү бийлик постторун ээлеп турушкан. Алсак, Баатырбек Булак-Башы, Асанбек-Ноокат, Мамытбек-Гүлчө, Карабек (небереси)-Ак-Буура болуштуктарын башкарышкан.

Алымбек менен Курманжандын урпактарынын ушундай даражага жетүүсүнө сөз жок датка эненин атак-даңкы, өтөгөн кызматы жана албетте тунук акылы, ошого жараша балдарына берген таалим-тарбиясы эң чоң роль ойногондугу талашсыз.

**Абдираим МАМЫТОВ, серепчи**
**(материалдар тарых илимдеринин доктору Б.Абытовдун тарыхый эмгектеринин негизинде даярдалды)**